**Карабеков Сатыпбай атындагы орто мектебинин 2022-2023- окуу жылында өткөрүлгөн 10- класстын ата-энелер чогулушунун №1 протоколу.**

29.08.2022.
Катышты: 9 ата-эне
Күн тартибинде каралуучу маселе:
1. 10-класска берилген мектеп компоненти сабагы боюнча түшүндүрүү, талкуулоо жана чечим чыгаруу.

**Угулду:**

Күн тартибиндеги маселе боюнча 10- класстын класс жетекчиси Джунушбаева Элмира билдирүү жасады. Базистик окуу планында 10-класс үчүн кошумча жумасына бир саат мектеп компоненти сабагы каралган. Билим берүү министрлиги тарабынан балдарыбыздын келечеги үчүн, билимдүү болуулары үчүн киргизилип жатат. Мектеп компоненти сабагын сиздер менен биргеликте кайсы предметке бере турганыбызды чечип, сунуштайлы. Мисалы: биология, география сабактары 9-класста жумасына эки сааттан өтүлчү, быйыл 10- класста жумасына бир гана жолудан өтүлөт. Калган предметтер жумасына эки же үч сааттан кирет. Сиздердин оюңуздар боюнча кайсы предметке берүүнү сунуштасак туура болот? Ар бириңиздердин оюңуздар баалуу, оюңуздарды айтыңыздар.

**Сүйлөндү:**

Күн тартибиндеги маселе боюнча төмөнкү ата-энелер өз ойлорун айтышты.
**1. Жакешова Жийдекүл:** 10-класска жумасына кошумча бир саат мектеп компоненти сабагы киргизилгени абдан жакшы. Бул кошумча сабак Билим берүү министрлиги тарабынан балдарыбыздын келечеги үчүн, билимдүү болуулары үчүн киргизилип жатканына рахмат. Балдарыбыздын келечеги үчүн бардык предметтер керек. Менин оюм боюнча мектеп компоненти сабагын жумасына өтө аз өтүлө турган сабактарга бергенибиз туура болот. Мен биология предметине берсек деген сунушумду айтам.
**2. Малабаева Айзат:** Мен мектеп компоненти сабагы география предметине берилсе дейм. География-кызыктуу сабак, 10-класста бир сааттан өтүлөт деп класс жетекчиси жогоруда айтып кетти, жумасына эки сааттан өтүлсө жакшы болмок деген сунушумду билдирем.
**3. Мадаминова Бүүсанам:** Мен мектеп компоненти сабагы биология предметине берилсе деген ойдомун. Негизи эле биология предмети кайсы гана класстарга болбосун өтө аз кирет. Сунушум биологияга берилсин.

**Чечим кабыл алынды:**

Бардык ата-энелердин ойлорун эске алуу менен базистик окуу планында 10-класска киргизилген мектеп компоненти сабагы биология предметине берилсин деп сунушталсын.

Класс жетекчи:______________ Джунушбаева Элмира

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылында өткөрүлгөн 8-класстын ата-энелер чогулушунун №1 протоколу

Күнү: «29» август 2022
Бардыгы: 18
Катышканы: 18

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. 8-класска берилген мектеп компоненти орус тили сабагы боюнча түшүндүрүү, талкулоо жана чечим чыгаруу.

**Угулду:**

Каралып жаткан маселе боюнча класс жетекчиси Шаршенбек кызы Жылдыз билдирүү жасады.

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинде ата-энелер чогулушунда «орус тили» сабагын мектеп компонентине киргизүү боюнча билдирди. Себеби 8-класска орус тиил сабагы бир саат берилгендиктен мектеп компоненти орус тилине берилсе туура болот деп ойлойм. Окуучулар эмнени окуп үйрөнүшү керек жана окуу предметтерин тизмегин, ага каралган сааттарды аныктоо менен мүнөздөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Орус тили дүйнөдө эң көп сүйлөнгөн тилдердин катарына кирет.Бул тилде башка улуттагы адамдар да сүйлөшөт, окушат жана жазышат. Орус тили адабий тил-бир гана адабият эмес, ошондой эле басма сөз, теле радио, телевизор, жана коомдук жайларда баардык жерде колдонулат. Бүгүнкү күндө орус тили дүйнөлүк масштабда колдонулуп жаткандыктан, бир аз болсо дагы балдарга шарт түзүп, колдон келишинче колдоо көргөзүшүбүз керек. Орус тили сабагы кошумча өтүлсө окуучулар грамматика боюнча теманы терендетип түшүнүүгө, туура жазууга, өз ойлорун туура так айтууга үйрөнүшөт.

**Сүйлөндү**

1. Абдрасулова Гульзат мен дагы орус тили сабагы кошумча өтүлүшүнө кошулам. Анткени айыл жеринде жашагандыктан балдардын орус тилинде сүйлөө кебин өсүрүү жана балдар шар сүйлөп кетпесе дагы бир кыйла оңолуп калышат деген ойдомун.

2. Боргемикова Рыскүл менини оюмча деле туура. Тилди сапаттуу денгээлде билүүсү үчүн колдоо көрсөткөнүбүз туура. Окуучулар орус тилин билүү аны жакшы өздөштүрүүсүнүн негизинде өз жашоосунда колдонот жана пайдаланат деп ойлойм. Орус тили азыр дээрлик баардык жерде колдонулуп калды.

3. Аманкулова Венера-менин оюмча да туура, баардык ата-энелерге кошулам. Балдардын келечеги алдына, ата-эне жана мектеп биргелешсек, билим алууларына жакшы шарт болот деген ойдомун. Азыр орус тили аябай керек заман болуп калды го. Орус тили бизге, айыл жергесине керек. Эгерде биз жалаң гана кыргыз тилде болсун деп, колдоо көргөзбөсөк, анда өзүбүздү чектейбиз, арта калабыз деп ойлойм.

**Чечим кабыл алынды**

Ата-энелер жакшы ой пикирлерин айтуу менен бир добуштан колдошту. Ошентип жалпы ата-энелердин чечими менен 8-класстар үчүн жумасына 1 саат, жылына 34 саат «орус тили» мектеп компоненти орус тили сабагына берилсин деп сунушталды.

Класс жетекчи:__________________Шаршенбек кызыЖ

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылында өткөрүлгөн 5-класстын ата-энелер чогулушунун №1 протоколу.

Күнү: «29» август 2022
Баардыгы: 14
Катышты: 14

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 5-класска берилген мектеп компоненти математика сабагы боюнча түшүндүрүү, талкулоо жана чечим чыгаруу.

**Угулду:**

Каралып жаткан маселе бюнча класс жетекчиси Самудинова Эльзада билдирүү жасады.

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинде ата-энелер чогулушунда «математика» сабагын мектеп компонентине киргизүү боюнча билдирди. Себеби 5-класс математика сабагынан жакшы өздөштүрүү үчүн мектеп компоненти математика сабагына берилсе туура болот деп ойлойм. Окуучулар эмнени окуп үйрөнүшү керек жана окуу предметтерин тизмегин, ага каралган сааттарды аныктоо менен мүнөздөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Азыркы мезгилде математикалык апараттар колдонулбаган бир да илимдин тармагын атоо кыйын. Математиканы колдонуу чеги күндөн-күнгө өсүп баруудa. Ошондуктан орто мектепти бүтүрүүчүлөрдүн математикалык даярдыктарынын деңгээлин жогорулатуу биздин коом үчүн өлкөбүз үчүн өзгөчө мааниге ээ.

**Сүйлөндү:**

1. Абдылдаев Майрамбек: Мен дагы математика сабагынан кошумча өтүлүшүнө кошулам. Анткени матиматика предмети күнүмдүк жашоосуна дагы абдан керек болот.

2. Аманкулова Венера: Менин оюмча дагы туура деп ойлойм. Математика предмети оор предметтердин катарында болгонуна байланыштуу математика сабагын жакшы өздөштүрүү үчүн дагы жашы шарт түзүлөт эле.

3. Токтогулова Гүлнура: Менин оюмча дагы туура, жалпы ата-энелердин оюна кошулам. Балдардын келечеги үчүн ата-эне жана мектеп биргелешсек, татыктуу билим алууларына жакшы шарт болот деген ойдомун. Азыркы

учурда заман талабына ылайык математик сабагы керек болуп калды го. Ошондуктан туура деп ойлойм.

**Чечим кабыл алынды:**

Ата-энелер жакшы ой пикирлерин айтуу менен бир добуштан колдошту. Жыйынтыгында жалпы ата-энелердин чечими менен 5-класстар үчүн жумасына 1-саат, жылына 34саат «математика» мектеп компоненти математика сабагына берилсин деп сунушталды.

Класс жетекчи:________________Самудинова Э

2022-жылдын 30-августунда өткөн № 1-педагогикалык кеңешменин иш жазуусу.

Катышканы-17
Катышпаганы –

Педагогикалык кеңешмени мектеп директору К. Белеков ачып, карала турган күн тартибин белгиледи.

**Күн тартибинде:**

1. Жаңы окуу жылына карата мугалимдердин жумалык сааттарын бөлүштүрүү менен ар кандай иштерге жоопту адамдарды дайындоо *(жоопту: директор, завуч)*
2. Мектептин иш кагаздарын жүргүзүү үчүн жоболорго өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен ал жоболорду жаңылап кабыл алуу

**Угулду:**

Биринчи маселе боюнча мектеп директору К. Белеков төмөнкүлөрдү билдирди.

Биз КР өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майында чыккан № 270 токтомун ишке ашыруу максатында мектептеги мугалимдердин педагогикалык стажысына карата, эмгек акы төлөөнүн жаңы системасы боюнча сабактардын жана сабактан тышкаркы жүктөмдөрдүн бөлүштүрүшүбүз керек. Ошон үчүн мугалимдердин жумалык сабактарын жана сабактан тышкаркы жүктөмдөрүн бөлүштүрүү үчүн мектеп ичинде 2022-2023-окуу жылында комиссия түзүшүбүз керек. Бул комиссиянын курамында мектеп жетекчилиги болушу керек жана ошондой эле усулдук бирикмелердин жетекчилерин көрсөтөт элем. Анткени комиссиянын мүчөлөрүнүн базистик окуу планы жана алардын бөлүнүшү боюнча толук маалыматы болушу керек. Комиссиянын курамына төмөнкүлөрдү сунуштайм.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Төрагасы | директордун м/а | К. Белеков |
| 2. | орун басары | ОББсы | Адылбек к Э |
| 3. | мүчө | ГБ жетекчиси | Акималы к К |
| 4. | мүчө | ТБ жетекчиси | Шаршенбек к Ж |
| 5. | мүчө | БКБ жетекчиси | Дүйшөева А |

КР өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майында чыккан № 270 токтомун ишке ашыруу максатында мектептеги мугалимдердин педагогикалык стажысына карата, эмгек акы төлөөнүн жаңы системасы боюнча сабактардын жана сабактан тышкаркы жүктөмдөрдүн бөлүштүрү боюнча комиссия 2022-2023-окуу жылында мугалимдердин жумалык сааттарын төмөнкүдөй бөлүштүрдү.

Комиссия 2022-2023-окуу жылына карата келген Базистик окуу планында көргөзүлгөн 5,-8,-10-класстардагы мектеп компонентиндеги бөлүнгөн бирден саат сабактарын мектеп жайгашкан региондун өзгөчөлүгүн эске алып, ата-энелердин макулдугу менен жогоруда көргөзүлгөн класстардын математика, орус тили жана биология сабактарын терендетип окутууну педагогикалык жамаатка сунуштайт. 5-класстын жумасына 1 саат мектеп компоненти сабагын математика сабагына бөлдүк. Себеби 2-3-4-класстарда жумасына 5 сааттан болуп келип эле 5-класска келгенде 4 саатка кыскарып калды. Бул сабак негизги предметтерден болгондуктан ушундай болгону туура болот. Сабак бере турган мугалим Джунушбаева Элмира билими жогорку, эмгек стажысы 11 жыл.

8-класстын 1 саат мектеп компоненти сабагын орус тилине берүүнү туура көрдүк. Себеби ата-энелер да буга макул болушту, жумасына 1 эле саат орус тили кирет ошону менен бирге айылда орус улутундагы адамдар жок болгондуктан орус тилин өздөштүрүү да кыйын. Окуучулар үчүн бир аз болсо да жакшы болот деген ой. Бул сабактан Макишова Сайкал берет. Билими жогорку, стажысы 8 жыл адистиги боюнча орус тили жана адабияты сабагынын мугалими.
Ал эми 10-класстын 1 саат мектеп компоненти сабагын биология предметине берүүнү туура көрдүк. Анткени биология жумасына бир эле жолу кирет ал эми темалар узун жана татаал. Окуучу бул темаларды бир саатта өздөштүрүүсү мүмкүн эмес. Ата-энелер да жыйналышта ушуну айтышты. Сабак берген мугалим Белеков Кыялбек билими жогорку, стажысы 20 жыл адистиги боюнча биология сабагынын мугалими. Сиздер да мектеп компонентине бөлүнгөн сааттардын бөлүштүрүлүшү боюнча өз оюңуздарды айтыңздар.

| № | Ф.И.О | предмет | классы | сааты | жалпы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Белеков К | биология | 5-9/10-11 | 8/ 3 | 11 |
| 2 | Самудинова Э | тарых, адам жана коом | 5-9/10-11 | 13/6 | 19 |
| 3 | Омор к А | к. тил, адаб, музыка | 5-9 | 20 | 20 |
| 4 | Макишова С | о тил, адаб. к. тил, адаб | 1-4/5-9/10-11 | 6/7/10 | 23 |
| 5 | Джунушбаева Э | математика, технология | 5-9/10-11 | 15/4 | 19 |
| 6 | Саргазакова Н | башталгыч класс | 4-класс | 18 | 18 |
| 7 | Исабаева Ж | башталгыч класс | 3- класс | 18 | 18 |
| 8 | Бектур к Ж | башталгыч класс | 2-класс | 20 | 20 |
| 9 | ДүйшөеваА | башталгыч класс | 1-класс | 18 | 18 |
| 10 | Шаршенбек к Ж | физика, таб. тан. к өнөр | 5-9/10-11 | 12/6 | 18 |
| 11 | Бейшенбеков И | дене тарбия, АЧД, ДӨТ | 5-9/10-11 | 11/8 | 19 |
| 12 | Табылды к А | англис тили | 1-4/5-9/10-11 | 4/14/4 | 22 |
| 13 | Адылбек к Э | география, химия | 5-9/10-11 | 12/6 | 18 |
| 14 | Акималы к К | орус тили, адабияты | 1-4/5-9/10-11 | 6/10/4 | 20 |
| 15 | Сатиева П | кыргыз тили, адабияты | 5-9/10-11 | 11/5 | 16 |
| 16 | Мырзабек к А | математика, информат. | 5-9/10-11 | 14/4 | 18 |
| 17 | Тойгонбаева Н | даярдоо 480 саат | 0-класс | 15 | 15 |
| | Жалпы | | | 297/15 | 297/15 |

Комиссия өткөн жылдагы класс жетекчилердин тизмесин карап, 2022-2023-окуу жылында төмөнкү мугалимдер ошол эле класстарына кайрадан класс жетекчи кылып калтырууну сунуш кылат. Өткөн жылдагы 11-классты бүтүргөн класс жетекчи Адылбек кызы Элнура директордун тарбия иштери боюнча орун басары болуп бекигендигине байланыштуу быйылкы 5-класстын жетекчиси тарых сабагынын мугалими Самудинова Эльзада болуусун педагогикалык жамаатка сунуш кылат. Анткени бул мугалимдин мурда класс жетекчилиги жок болчу.

| № | Класстар | Класс жетекчилер | Окуучунун саны |
|---|---|---|---|
| 1 | 1-класс | Дүйшөева А | 20 |
| 2 | 2-класс | Бектур к Ж | 15 |
| 3 | 3-класс | Исабаева Ж | 20 |
| 4 | 4-класс | Саргазакова Н | 13 |
| 5 | 5-класс | Самудинова Э | 14 |
| 6 | 6-класс | Макишова С | 20 |
| 7 | 7-класс | Омор к А | 11 |
| 8 | 8-класс | Шаршенбек к Ж | 18 |
| 9 | 9-класс | Акималы к К | 10 |
| 10 | 10-класс | Джунушбаева Э | 9 |
| 11 | 11-класс | Табылды к А | 9 |
| 12 | 480 саатык даярдоо | Тойгонбаева Н | 21 |

Комиссия 2022-2023-окуу жылында мугалимдердин иш стажысына жана предметтеринин жакындыгына карап, төмөнкү жаш мугалимдерге төмөнкүдөй тажрыйбалуу мугалимдерди насаатчылык кылууга педагогикалак жамаатка сунуштайт.

| Жаш мугалим | Насаатчы мугалим |
|---|---|
| 1. Омор к А | 1. Исабаева Ж |
| 2. Сатиева П | 2. Макишова С |
| 3. Самудинова Э | 3. Акималы к К |

Комиссия өткөн жылдагы төмөнкү усулдук бирикменин жетекчилерин эле кайрадан 2022-2023-окуу жылында усулдук бирикменин жетекчилери болуп иштөөлөрүн сунуштайт.

1. ГБ жетекчиси Акималы кызы К
2. ТБ жетекчиси Шаршенбек к Ж
3. БКБ жетекчиси Дүйшөева А

Комиссия Табылды кызы Анаркүлдү -чет тили (англ) сабагынын мугалими 2022-жылдын 1-сенябрынан баштап мектептин китепканачысы жумушуп кошулуп берүүнү суунуштайт. Себеби мектепте окуучунун саны китепканачы штатын ачканга жетпегендиктен китеп сактоочу болуп бир мугалим иштеши керек Анаркүл бул жумушта 5 жылдан бери иштеп келе жатат. Ошондуктан өзү эле калганы туура болот.

Комиссия акы төлөнүүчү 0,10 ставка (10 саат) ийримдерди жөндөмүн эске алуу менен төмөнкү мугалимдерге берүүнү сунушайт. «Кол өнөрчү» акы төлөнүүчү 0,5 ставка (5 саат) ийримин башталгыч класстар мугалими Тойгонбаева Назгүлгө, ал эми «Дене тарбия» 0,5 ставка (5 саат) ийримин балдар жана өспүрүмдөрдү эркин күрөш менен машыктыруучу Батырбек уулу Максатка берүүнү туура көрөт.

Комиссия 2022-2023-окуу жылында төмөнкүдөй усулдук кеңештин курамын педагогикалык жамаатка сунуштады.

1. Усулдук кеңештин төрайымы завуч Адылбек к Э
2. Усулдук кеңештин катчысы уюштуруучу Мырзабек к А
3. Усулдук кеңештин мүчөсү ГБ жетекчиси Акималы к К
4. Усулдук кеңештин мүчөсү ТБ жетекчиси Шаршенбек к Ж
5. Усулдук кеңештин мүчөсү БКБ жетекчиси Дүйшөева А

**Сүйлөндү:**

Күн тартибиндеги маселе боюнча төмөнкү мугалимдер өз ойлорун айтышты.

1. Адылбек кызы Элнура директродун окуу тарбия иштери боюнча орун басары, география сабагынын мугалими. Комиссия КР өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майында чыккан № 270 токтомун ишке ашыруу максатында мектептеги мугалимдердин педагогикалык стажысына карата, эмгек акы төлөөнүн жаңы системасы боюнча 2022-2023-окуу жылында мугалимдердин сабактардын жана сабактан тышкаркы жүктөмдөрдүн жогоруда мектеп директору айткандай мугалимдердин стажысына, жөндөмүнө жана ишти алып кетүүсүнө карап, кеңешип анан бөлүштүрдүк. Ошол бөлүнгөн сабактардын, сабактан тышкаркы жүктөмдөрдүн жана баардык окуу-тарбия иштер боюнча иштердин пландарын 2022-жылдын 5-сентябрына чейин бүтүрүп берсеңиздер. Биздин оюбузча туура эле бөлүшүлдү деп жатабыз. Эгерде алымча, кошумча жана толуктоолор болсо айтыңыздар.

2. Джунушбаева Элмира математика сабагынын мугалими. Менин оюмча сабактар жана сабактан тышкаркы жүктөмдөр туура эле бөлүштүрүлгөн. Баардык мугалимдердин сабактары ставкага толгогон. Мага бөлүнгөн сабактарым боюнча комиссияга эч кандай наразычылыгым жок. Ошондой эле мектеп компонентинен 5-класска 1 саат сабак өтө туура бөлүнгөн. Бул класстын математика сабагынан темалар татаал болгондуктан жетишүү кыйын болчу. Бул сабактан өзүнчө татаалдантып план түзүп анан иштейм.

3. Макишова Сайкал орус тили жана адабияты сабагынын мугалими. Мен да жогорудагы мугалимдердин оюна кошулам. Анткени комиссия баарын ачык, так бөлүштүрүшүптүр. Ошол себептен менин сааттарды бөлүштүрүү боюнча кошумчалай турганым жок. Каалоочу мугалимдер болсо өз ойлорун айтышты. Мектеп компоненти сабагынан орус тилине 1 саат бергениңиздер туура болду. Бул боюнча ата-энелер да балдарынын орус тили сабагынан жетишпей жаткандыгын айтып бир нече жолу кайрылышкан.

Педагогикалык жамаат КР өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майында чыккан № 270 токтомун ишке ашыруу максатында мектептеги мугалимдердин педагогикалык стажысына карата, эмгек акы төлөөнүн жаңы системасы боюнча 2022-2023-окуу жылында мугалимдердин сабактардын жана сабактан тышкаркы жүктөмдөрүнүн бөлүштүрүлүшү боюнча комиссиянын ишин мектеп жамааты бир добуштан колдошту

Кеңешменин төрагасы К. Белеков каралып жаткан маселени жыйынтыктап, кеңешменин чечиминин долбоорун окуду ал алымча кошумчадан кийин добушка коюлуп, төмөнкүдөй

**Чечим кабыл алынды:**

1. Жогорудагы мектеп директору сунуштаган сабактарды жана сабактан тышкаркы жүктөмдөрдү бөлүштүрүү боюнча түзүлгөн комиссиянын курамы бекитилсин.

2.КР өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майында чыккан № 270 токтомун ишке ашырылсын

3.Комиссияга мугалимдердин педагогикалык стажысына карата, эмгек акы төлөөнүн жаңы системасы боюнча 2022-2023-окуу жылында мугалимдердин сабактардын жана сабактан тышкаркы жүктөмдөрдүн так, туура бөлүштүрүп берүү милдеттендирилсин

4.Мугалимдерге жогоруда мектеп директору жасаган билдирүүдөгү бөлүнгөн жумалык сабактар жана сабактан тышкаркы жүктөмдөр бекитилсин.

5.Окуу-тарбия иштерине байланышкан баардык иш мерчемдер 2022-жылдын 5-сентябрына чейин бүткөрүлсүн

6.Жогорудагы көрсөтүлгөн мугалимдер аталган класстарга жетекчи болуп дайындалсын

7.Аты аталган жаш адистерге жогорудагы көрсөтүлгөн тажрыйбалуу мугалимдер насаатчы болуп дайындалсын

8.Жогорудагы сунушталган мугалимдер усулдук бирикмелердин жетекчилери болуп дайындалсын

9.Табылды кызы Анаркүл-чет тили сабагынын мугалимине 2022-жылдын 1-сентябрынан баштап мектептин китепканачысы жумушу кошулуп берилсин

10.Базистик планда көргөзүлгөн мектеп компонентинин жумасына 1 сааттан сабагы Дунушбаевага 5-класстын математика сабагы, Макишовага 8-класстын орус тили сабагы жана Белековго 10-класстын биология берилсин

11. Акы төлөнүүчү 5 саат «Дене тарбия» ийрими балдар жана өспүрүмдөрдүн эркин күрөш боюнча машыктыруучусу Батырбек уулу Максатка, ал эми «Кол өнөрчү» ийрими башталгыч класстар мугалими Тойгонбаева Назгүлгө берилсин

12. 2022-2023-окуу жылында төмөнкүдөй усулдук кеңештин курамы бекитилсин

13.Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары Адылбек кызы Элнурага милдеттендирилсин.

**Угулду:**

Күн тартибинде каралып жаткан экинчи маселе боюнча мектеп директору К.Белеков төмөнкүлөрдү билдирди.

Жобо жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашырган мектеп үчүн иштелип чыгат. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын 10-беренесинде ылайык ушу жобонун негизинде мектеп өзүнүн уставын иштеп чыгат.

Мектеп өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ушул жобонун жана өзүнүн уставын жетекчиликке алат.
Жобо-чечимдик, укуктук акт, анда белгилүү бир мамлекеттик органдардын, уюмдардын жана мекемелердин; мисалы мектептин укуктук статусу, уюштурулушу, иш тартиби толук белгиленет, ошондой эле алардын башка органдар, мекемелер, уюмдар, жарандар менен өз ара мамилеси аныкталат. Буга чейин 2017-2022-жылдырга чейин түзүлүп, бекитилген жобого 5 жыл болгондуктан толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү менен мен сиздерден төмөндөгү көргөзүлгөн жоболорду 5 жылдык мөөнөткө 2022-2027-окуу жылдарына 2022-жылдын 30-августундагы №1-педагогикалык кенешменин чечими менен бекитип берүүнүздөрдү өтүнөм. Бул өзгөртүү жана толуктоолор киргизилген жоболордун долбоору мындан 3 ай мурда мектептин сайтына жүктөлгөн. Ошол жерден баарыңыздар карап таанышып чыккансыздар.

Ал жоболор төмөнкүлөр:
1. Ички көзөмөл боюнча жобо
2. Ишеним кутучасы боюнча жобо
3. Китепкананын жобосу
4. Дептер текшерүү боюнча жобо
5. Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып баруу жобосу
6. Класс жетекчинин иш алып баруу жобосу
7. Насаатчылык жөнүндөгү жобо
8. Санитардык-эпидемиялык эрежелер жана чечимдер жөнүндөгү жобо
9. Жөндөмдүүлүгү орто окуучулар менен иштөө жобосу
10. Предметтик олимпиада боюнча жобо
11. Мектеп формасы боюнча жобо
12. Усулдук бирикме боюнча жобо
13. Класстык журнал жана электрондук күндөлүктүн жобосу
14. Педагогикалык кеңешмени өтүү жобосу
15. Өндүрүштүк кеңешме өтүү жобосу

**Сүйлөнду**

Күн тартибинде каралып жаткан маселе боюнча мугалимдер жарыш сөзгө чыгып, өз ойлорун айтышты

1. Тойгонбаева Назгүл-башталгыч класстар мугалими. Мектептин ишин уюштуруу боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип, түзүлгөн жоболорду мектептин сайтынан карап чыктым. Ошол учурда өз сунушумду берген болчумун. Менин оюмча жоболорго толуктоолор туура эле киргизилген беките бергенибиз туура деп ойлойм.

2. Макишова Сайкал-орус тили жана адабияты сабагынын мугалими. Жогоруда кесиптешим айткан ойго кошулам. Мен да бүт жоболорду окуп, таанышып чыктым. Негизинен туура эле түзүлгөн. Бул жоболорду кийинкиге калтырбай эле ушул педагогикалык кеңешме менен бекитип алсак андан кийин өз ишибизде колдоно беребиз.

3. Бейшенбеков Ислан-дене тарбия сабагынын мугалими. Жоболорду карап чыктым баары эле туура түзүлгөн беките билгенибиз туура деп ойлойм

2022-2025-окуу жылдарына карата мектеп өз ишине колдонуу үчүн түзүлгөн жобого киргизилген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду педагогикалык жаамат бир добуштан колдоду

Кеңешменин төрагасы К.Белеков кралып жаткан маселени жыйынтыктап, кеңешменин чечимин долбоорун окуду ал алымча кошумчадан кийин добушка коюлуп, төмөнкүдөй

Чечими кабыл алынды:

1. 2022-2027-оку жылдарына карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип кайрадан түзүлгөн жоболор бекитилсин.
2. Баардык мугалимдер өз иштеринде жобону жетекчилигине алуу менен иш алып барышсын
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Адылбек кызы Элнурага милдеттендирилсин

Педагогикалык кеңешменин төрагасы: __________ К. Белеков
Педагогикалык кеңешменин катчысы: __________ Табылды кызы Анаркүл

**Буйрук № 9**

01. 09. 2022. 1-Май айылы

«Мектеп компонентиндеги саатарды бөлүштүрүү жөнүндө»

2022-жылдын 30-августундагы №1-педагогикалык кеңешменин чечиминин негизинде буйрук кыламын:

2022-2023-окуу жылына карата келген Базистик окуу планында көргөзүлгөн 5,-8,-10-класстардагы мектеп компонентиндеги бирден саат сабактарды мектеп жайгашкан региондун өзгөчөлүгүн эске алып, ата-энелердин макулдугу менен төмөнкү мугалимдерге бөлүнүп берилсин. Сабак алган мугалимдерге жоопкерчилик менен сабактарын өтүү жагы милдеттендирилсин.

1. 5-класс математика Джунушбаева Э
2. 8-класс орус тили Макишова С
3. 10-класс биология Белеков К

Директордун милдетин аткаруучу: К. Белеков.